**И.Раззаков атындагы КМТУнун лицейи**

**11-класс**

**Кыргыз тили**

**Тема:** Фразеологизмдер

(Ачык сабактын иштелмеси)

**Түзгөн:** кыргыз тили жана адабияты мугалими

Султанкулова А.Б.

Бишкек 2023

***Кыргыз тити 11-класс***

**Сабактын темасы: Фразеологизмдер**

**Сабактын формасы: конкурс сабак**

**Сабактын максаты:**

1. Фразеологизмдер жөнүндө окуучулардын алган билимдерин тереңдетүү менен бирге жазуу жөнүндө жана оозеки речтеринде кеңири пайдалануу менен окуучулардын сөз маданиятын калыптандыруу
2. Окуучулардын логикалык ойлоосун, ыкчамдыгын, тапкычтыгын, байланыштуу речин өстүрүү
3. Таанып билүүсүн кеңейтүү менен кошо ар бир мисалдын тарбиялык жагын ачып көрсөтүү

**Сабактын жабдылышы:**

1. Фразеологизмдер жазылган плакат
2. Фразеологизмдердин санжырасы таблица түрүндө
3. Карточкалар, сүрөттөр, плакаттар
4. Түрдүү максаттагы ырлар, оюндар

**Сабактын тиби**:

1. Мелдеш түрүндөгү аралаш сабак, башкача айтканда билимдерди тереңдетүү сабагы

**Сабакта каралуучу ыкмалар:**

1. Проблемалуу жагдай түзүү
2. Дифференцалдык ыкмалардан пайдалануу менен алган билимдерине байкоо жүргүзүү
3. Суроо-жооп

**Сабактын жүрүшү:**

1. **Уюштуруу**: класста фон катары жай гана комуз чертилет «Кыргыз көчү»
2. **Сабактын киришүү бөлүмү**: Тил кутучасын ачканда ________________ рубиркасы менен башталат(төмөнкүдөй бөлүмдөрдөн турат) б.а. Тил кутучасын ачканда……..

**а) Ыр менен эне тили даңкталат**

**1-окуучу:**

Кыргыз тили балдай ширин, таттуусун,
Көңүл кошуп көкөлөтүп шаттуусун
Мезгил басып кылымдарды карытып,
Дүйнөдөгү чоң тилдердей барктуусун.

Чакан элди улуу элдерге теңеттиң
Кат сабатсыз болсо дагы рухун

Манас сындуу дастан менен теңелттиң
(окуучулардын ырларынан)

**2-окуучу:** Шайлообек Дүйшеев «Кыргыз эмес»

Тил жоголбойт
жоголсо жоголот дил
тукумуң да,
тууруң да жоголот бил!
Тил жоголбойт
Жоголсо айланасың
Колу-бутсуз мунжуга тоголок бир!..

**3-окуучу:** М.Тойбаев «Ыйыгым»

Эне тилим – эне сүтүм, сүйгөнүм
Бир өзүндө бар жыргалы дүйнөнүн
Чырпыгымды чынар кылдың бөпөлөп
Көңүлүм, жүрөгүмө түйгөнүм…ж.б.

Эне тилге байланышкан ырлар окуучулар тарабынан көркөм окулат.

**б) Даанышман ойлор**: (улуу адамдардын тил жөнүндө айткандарынан айтышат, атайын дептерге жазышкан)

1. Сөздөн күчтүү эч нерсе жок – Менанр
2. Тил өнөрү - дарт менен тең – Абай
3. Көп сүйлөгөн билимдүү эмес, топ сүйлөгөн билимдүү
4. Адамга алтын бербегин, бир ооз ширин сөз айткын – М.Ауезов
5. Туура сөз темирди тешет, өткүр сөз кылычты кесет ж.б.у.с.

**в) Сабак санжырасы**: (тилге байланыштуу эрежелерди, терминдерди үйрөнүү)

1. Ономастика – тилдеги адам атттарынын системасын изилдөөчү илимдин бир бөлүгү
2. Сөздөрдүн түпкү тегин же эң алгачкы формасын табуу этимология болот
3. Пиктографиялык жазуу – бул адамдын ой пикирин сүрөт аркылуу башкача айтканда сүрөттүк жазуу деп аталат.

**Үй тапшырмасын суроо же бүгүнкү сабак** санжырабыз – фразеологизмдер

Сабактын бул бөлүмү конкурс түрүндө уланат. Окуучуларды эки топко бөлүп тапшырмалар суралат. Тапшырмалар төмөнкүчө:

**а)**Фразеологизмдердин санжырасы деген таблицанын негизинде фразеологизмдер жөнүндөгү түшүнүктөрү суралат (ким туура, так фразеологизм сөздөрдү колдонуп сүйлөп берсе, жогорку баа алат). Эки окуучу доскада сүйлөп жаткан учурда, окуучуларга карточкалар тапшырылат, өз алдынча иштешет.

**б)**Санжыра боюнча суроолор берүү. Окуучулардын жоопторуна жараша берилет.

**в)** Фразеологизмдер жөнүндө жомок жаратуу ар ким өз чыгармачылыгы менен . Эки топтун бирден жомогун жазууга туура келди, сабак учурунда

бат-бат эле окуп коюшат. Жомок окулуп жатканда эки командадан бирден окуучу доскага фразеологизмдер катышкан сүйлөмдөрдү жазышып, сисhтаксистик, морфологиялык талдоо жүргүзүшөт.

1-топтун жомогу: Бабченко Катя түзгөн

Илгери - илгери заманда алыскы Грецияда Фрезис деген адам болуптур. Анын жылдызы жарык Логос деген жары болгон. Экөө ортосунан кыл өтпөгөн ынтымактуу үй-бүлө болушуптур. Ынтымактуу үй-бүлөгө мүнөздүү белгилер: кептеринде даяр материалдар сүйлөө үчүн белен болуптур, сөздөрү айрым компоненттерге бөлүнгөн өтө курч элестүү башкача айтканда образдуу бири-бири менен тыгыз байланышкан таамай сөздъүү болушуптур. Булардын бул мүнөздөрүн алар менен карым катнашта болушкан уруу-туугандары макал-лакаптар жерге сууга тийгизбей мактап жүрүшкөн. Фрезис менен логостун жүрөгүндө оту бар, ак таңдай үч уулу болгон экен, алардын аттары улуусу Ширешме, экинчиси Бирдик, үчүнчүсү Айкаш. Ширешме менен Айкаш суудай тунук экен.

2-топтун жомогу: Якубова Рената түзгөн.

Илгери-илгери кыргыз жеринде сөз айкашы деген уруу болгон экен. Ал уруудан эркин сөз айкашы, туруктуу сөз айкашы деген уруулар бөлүнүп чыккан.

Эркин сөз айкашы ээптеп бири-бирине кураштырып, бирин-экинчисине, экинчисин-биринчисине алмаштырып курап кедей жашайт, ал эми туруктуу сөз айкашы абдан бай колунда бар адам болот.Туруктуу сөз айкашы байлыгы менен өз бир тууганын теңине албай фразеология деген уруу ачат. Ал уруудан фразеологиялык ширешме, фразеологиялык бирдик, фразеологиялык айкаш деген уруулар бөлүнүп чыгат. Ошентип туруктуу сөз айкашы деген уруу өз уруусун өтө кеңейтип фразеологизм уруусуна айланып кеткен экен. (Жомоктор окулуп бүткөндөн кийин доскада иштеген окуучулардын талдоолору жалпы окуучулардын катышуусу менен текшерилет, туура эмес жерлери түзөтүлөт. Окуучулар дептерлерине жазышат, айрым суроолор берилет).

Тапшырмалар улантылат.

г) Грамматикалык оюндар доскада иштелет.

1. Башкы тыбышы «К» дан башталаган фразеологизмдерди жаз
(1 топтон бир окуучу)
2. Башкы тыбышы «С» дан башталган фразеологизмдерди жазуу (эки топтон бир окуучу)
3. «Жүрөк» деген сөз катышкан 7 фразеологизм жаз. (1-топ)
4. «Жан» деген сөз катышкан 7 фразеологизм жазуу (2 топ). Ар башка окуучу иштейт.

Грамматикалык оюн доскада жазылып жаткан учурда отурган окуучуларга «Жаратылыш жан дүйнөм» деген темада фразеологизмдерди катыштырып текст түзүү, тапшырма берилет кыскача . Окуучулар жаратылыштын сулуулугу тартылган катртинаны доскадан карап көрүп жазышат.

д) «Ким ыкчам оюну»

Фразеологизмдер жеке сөздөрдүн эквиваленти болуп келишет ошондуктан жеке сөз мугалим тарабынан окулат окуучулар синоним фразеологизмдердин табышат. М: мугалим тынчтык бербөө, кайта-кайта айта берүү десе окуучулар-------------




Кол көтөргөн топтун мүчөлөрү суралат---------------







е) Фразеологизмдерден табышмак түзүү, жандырмагын табуу. Жандырмагы шарттуу түрдө окуучулардан болот, класстардан жандырмагын тап.
М: Аарынын уюгундай кыжылдайт

(Мектептин ичи)

Өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк

(Класс жетекчи) ж.б.

ж) Акыркы тапшырма “Менин табылгам” деп аталат. Окуучулар өз чыгармачылыгы менен изденип келишет. Үй тапшырмасы катары берилет. Айрымдары бир куплеттен ыр түзүшөт.

**Окуучулардын билимин баалоо, чогулткан упайларына жараша коюлат**.